

АКЧАНЫН АЗГАНАКАЙ ӨМҮРҮ

# Эскирген акчалардын эсебин табышат

***12**-ноябрь күнү Улуттук банк журналисттер үчүн атайын пресс-тур өткөрдү. Алгач Улуттук банктын кызматкерлери улуттук валютанын тешилип, жыртылып, бурчтары жана четтери жок болуп, ошондой эле, экиге бөлүнүп жана чапталган, боёкторго малынып, май же турмуш тиричиликтеги реагенттер менен булганган, баштапкы өңүн өзгөрткөн, жуулган, күйгөн же өрттөлгөн, эскирген, кирдеген, бети калем мен чийилип, жазуу, сүрөт тартылып булганган акчаларды элден алып, кайра алардын ордуна жаңы акчаларды берүү процессине катыштык.*






Кардар алып келген жыртылган акчанын тең ортосунан бөлүнүп, анын тең жарымы жок болсо, анда ал банкноттун 50 пайызын гана кайра толуктап беришет. Аны атайын 200 көзчөдөн турган тор менен аныкташат. Ал торлордо ар бир банкноттун өзүнүн аянты түшүрүлгөн. Андан тышкары монеталар дагы алмаштырылат. Тур андан ары уланып, коммерциялык банктар жана алардын филиалдары туруктуу негизде акча каражаттарын Улуттук банктын жүгүртүү кассасына тапшырып, ал жерден акчаларды кассирлер санап алып, андан кийин атайын "Кобра 4004" эсептөөчү жана иргөөчү машинадан кайра саналып, иргелип чыгат экен. "Кобра 4004" ЭИМ жарактуу акчаларды иштеп чыгуу маалында, эскилиги жеткен банкноттор автоматтык түрдө жок кылынып турат.

Мындай машиналар банк кызматкерлеринин жумушун бир топ жеңилдетип жана тездетет. Улуттук банктын башкы имаратынан чыгып бетон менен курчалган, катуу кайтаруудагы имаратка документтерибизди текшерген соң гана кирдик. Ал жакта КР Улуттук банктын нак акчалар менен иш алып баруу башкармалыгынын эскирген банкноттор менен иштөө тобунун кассирлери (ЭБИТ) эскирген акчаларды кайрадан эсептеп, иргөөдөн өткөрөт экен. Акчалар кандайча жок кылына тургандыгы жөнүндө бизге Кр Улуттук банкынын нак акчалар менен иш алып баруу башкармалыгынын башчысы Шамил Айдаркулов айтып берди:

-Негизинен акчанын иштөө мөөнөтү 3-4 жылды гана камтыйт. Андыктан, элдин колунда жүргөн акчалар иштетиле берет да, банктарга түшкөн акчалар жок кылынат. Ал эми 1993-жылдары чыккан акчалар кээ бир адамдарда болбосо, массалык түрдө жок болгон - деди.

Андан кийин акчалар жетиштүү көлөмдө чогулган соң Улуттук банктын төрагасынын буйругу менен эскирген акчаларды жок кылуу боюнча көз карандысыз комиссия түзүлүп, "CDS-100" системасы менен эскилиги жеткен банкноттор жок кылына турган атайын бөлмөгө кирдик. Ал жакта атайын акча жок кылуучу чоң аппарат жайгашкан, ал акчаларды майдалап, түтүк менен башка бөлмөгө чыгарып турат. Таңгак, таңгак болуп жыйылган акчалар жок кылынып, кичинекей кагаздарга айлана тургандыгын көрүп, бардык нерсе адамдын колу менен жасалып, адамдын колу менен жок кылынат тура, аттиң... - дедик.



**Наргиза КОЗУБАЕВА**
**naki-86@mail.ru**